сти от него меняются и формирование содержания учебного предмета, и организация процесса обучения.

В одном случае мы конструируем систему научных знаний, а в другом – их комплекс или даже простую совокупность.

Специфика учебного предмета отражается на всех звеньях процесса обучения.

В учебных предметах с ведущим компонентом «научные знания» предъявление нового содержания происходит преимущественно на основе изложения, сопровождаемого наглядностью, демонстрациями. В учебных предметах с ведущим компонентом «способы деятельности» ознакомление с новым материалом происходит путем показа и рассказа.

Таким образом, от типа учебного предмета зависят и особенности отражения в нем науки и широкая интегрированная дифференциация обучения поможет повысить качество знаний студентов в единстве с их развитием и воспитанием.

ЛИТЕРАТУРА

1. Загвязинский В.И. Теория обучения: Современная интерпретация – 2-е издание. 4 стр. – М.: Академия, 2004, 192 с.
2. Ломакина О. Проектирование как ведущее направление модернизации современного педагогического образования // Alma mater, №1, 2004, с. 44-49.
3. Олешков М.Ю. Содержание образования: проблемы формирования и проектирования // Педагогика, №6, 2004, с. 31-36.

УДК 370. 18

К. Boобекова

*«Манас» Кыргыз-Түрк университети*

# САБАКТАРДЫН КРЕДИТ СААТЫН ЭСЕПТӨӨ ЖАНА МУГАЛИМДЕРГЕ КРЕДИТ БЕРҮҮ ТУУРАЛУУ ОЙЛОР

*Бул билдирүүдө окутууда кредиттик системанын мааниси, сабактардын сааттарын кредиттик система боюнча эсептөө, анын берген жеңилдиктери, сабактардын кредитин белгилөөдө көңүл буруучу нерселер тууралуу сөз болмок. Муну менен бирге эгер мугалимдерге да кредит же балл (упай) берсек кандай болот эле деген суроонун тегерегинде кээ бир сунуштар киргизилди.*

Окуу планында сабак саатынын «кредит» менен таанытылуусу, жыл эмес, жарым жылды бүтүрүүнү негиз кылып алган, сабактардын жана сааттарынын саны азайтылган, тандоо боюнча практикалык же теориялык сабак болуп, изилдөө мүмкүнчүлүгүн арттырган, баалоо иши тамгалар менен белгиленген (салыштырмалуу) билим берүү, окутуу системасы. Бул система боюнча ар бир сабакка программада белгиленген саат саны, камтыган убактысы, талап кылган аракетине карап кредит берилет. Башкача айтканда, сабактар жалпы программа ичинде алган орду, мөөнөтү, сабактардын сааты жана ага корогон эмгек, убаракерчиликке карап кредит алат (кредиттешет). Мисалы, жумасына 3 саат болгон теориялык бир (лекция) сабактын кредити 3, эгер жумасына 4 саат болгон бир практикалык (лабораториялык) сабактын кредити 2 саат болушу мүмкүн. Теориялык (лекция) сабактын кредит саат өлчөмү, анын бир жумада канча саат болгонуна байланыштуу, б.а. бир жумада 3 саат өтүлгөн теориялык сабактын кредити да 3 деп эсептелинет. Себеби, мугалимден бул сабакка даярданууда эч болбосо ушул сабакты түшүндүрүүгө кеткен убакыттан эки эсе көп убакыт, убаракерчилик талап кылынат. Сабактардын кредит саат өзгөчөлүктөрү баарынан мурун сабактын теориялык, семинардык, практикалык, лабораториялык ж.б. экенине карап өзгөрөт. Бул иш аракеттерге тиешелүү сабактардын кредити, бир жумада өтүлгөн сааттардын жарымына барабар. Кээ бир сабактардын студенттин орточо баллына эч таасири болбойт. Андай сабактар «кредитсиз сабактар» деп аталат. Булар көбүнчө жалпы билим берүүчү сабактар болушу мүмкүн, М.: тарых, философия, социология ж.б.

Кредиттүү системанын максаты - үйрөнүү ишин жакшыртуу. үйрөнүүнү жакшыртуу деген «үйрөнүүнү үйрөтүү», «проблеманы чечүү көндүмдөрүн үйрөтүү» сыяктуу өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Бул максатка жетүү үчүн кредиттик системада:

* Тандоо боюнча сабактардын саны артат. Ушуну менен студенттердин каалаган темасын тандоо жана кызыккан темаларда изилдөө ишин жүргүзө ала турган убакытка ээ болуу мүмкүнчүлүгү болот. Бул система боюнча окуп бүткөндөн кийин:

*Инсандын изилдөөчүлүк жөндөмү өсөт. Кыйынчылыктарды (билим жагынан) теориялык жактан таанытып, аны чечүү жолдорун издеген;

*Баарын билбесе да, жалпы жонунан проблема чечүүнүн технологияларын жана методологиясын билген;

* Өзүнө керек болгон нерселерди өз убагында үйрөнө алган;

*Пландаган жана изилдегендеринин жыйынтыктарын жазуу жүзүндө жана оозеки түрдө толук, туура түшүндүрө алган кишилер чыгат.

Кредиттик система:

*Ийгиликтүүнү сыйлаган, ийгиликсиз болгондорго кыйын система.

*Окуучу активдүү болуп, өз келечегин өзү калыпка салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

*Кредиттик системада сабактардын саны менен сабак жүгү азайтылган. Кредиттик системада баа кредитке жараша студенттин ийгилигине таасир этет.

*Бул программа боюнча сабактар болжол менен 40% тик кесиптик багытта көндүм, билим жана билгичтиктер үйрөтүлөт.

*20% сабактар факультетке, жалпы тармакка тиешелүү билимдерге ылайыкталып бөлүнөт.

*40% сабактар университеттик өзгөчөлүктөргө, (жогорку билимдүү болгондор кандай болуш керек) ылайык берилет. Мында сабактардын 20%и жалпы билим берүүчү өзгөлүктөгү, 10%и изилдөөчүлүк багыттагы, (илим кантип изилденет, өз тармагына тиешелүү маалыматтарды кантип алыш керек ж.б.), 10%и коммуникация мазмунунда (студенттер арасында, кишилер арасында байланыш түзүү өзгөчөлүгү, билгичтиги) деп айрылат.

* Баалоону тамгалар аркылуу да жүргүзүүгө болот. А, В, С, Д,...

Бул системада экзаменди кайра тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилбейт, кийинки жылга калат. Кредиттик системада «ордунда калуу», «көчпөй калуу», деген түшүнүк жок, анын ордуна «сабактан калуу» түшүнүгү бар. Сабактардын санынын аз болушу студентке өз алдынча аң сезимдүү түрдө сабакка даярдануусуна мүмкүнчүлүк берет.

*Кредиттик система боюнча билим берүү окуу жайынын акредитациясы үчүн да оңой болот.

- Бүтүндөй бир окуу жылына тиешелүү болбой, жарым жылдык негизде иштейт. Кредиттик системада студентке окуй турган сабактарды өзү тандоого (тандоо боюнча сабактар, курстар) мүмкүнчүлүк берилет.
- Баалар кредиттик сынака карап студенттин академиялак ийгилигине таасир тийгизет.

Сабактар. Университеттеги сабактар жана сабактын программасы кандай болот? Бардык сабактардын жарым жылдыктарга карата бөлүштүрүлүүсү, лекция, практикалык саат, өндүрүштүк практика (клиникада, банкада, фабрикада, мектепте ж.б.), проектер ж.б. иш аракеттердин кредит сааттары ошол бөлүм же программаны түзгөн кафедра кеңеши тарабынан белгиленет. Андан кийин факультет же жогорку мектептердин кеңешинде да талкууланып, анан Университеттин Окумуштуулар кеңеши бекитет.

Сабактарды түрдүү өзгөчөлүктөрүнө жараша эки жактуу классификациялоого болот. Сабактар милдеттүү түрдө же тандоо боюнча курс же мурдатан алынган сабак болгонуна жараша өзгөрөт.

Милдеттүү (сөзсүз) түрдө окула турган сабактар: Студентин бул программаны бүтүрүп кесип алышы үчүн сөзсүз окушу керек болгон сабактар.

Орток милдеттүү сабактар. Университеттерде бардык факультеттерде сөзсүз түрдө окутула турган сабактар: М.: өлкө тарыхы, философия, эне тили, чет тил сыяктуу. Бул сабактар эч болбосо 2 жарым жылга эсептелип, ар бири 2 кредиттик сабак катары пландалышы мүмкүн.

Тандоо боюнча сабактар.

- Мында сабактарды студент өзү тандайт. Бул сабактар кесипке

байланыштуу болуу менен бирге, башка тармакка тиешелүү болушу мүмкүн. Бир бакалавр программасында окугандар башка бакалавр программасынан, жогорку мектептин бир бөлүмүндө окугандар башка бөлүмдөрдөн тандап сабак ала алышат.

- Окуусун бүтүрүш үчүн жалпы кредиттин эч болбосо 20%ин эң

көп 40%ин тандоо боюнча курстар түзөт.

- Тандоо боюнча курс ачылыш үчүн минимум канча студент

болуш керектигин университеттин Окумуштуулар кеңеши белгилейт. Кээ бир сабактарды студент мурда окуп окубаганын текшерип, ал сабактан бошотулуусу же окуусу керектиги тууралуу чечим кабыл алынат. Студенттер теориялык (лекция) сабактарынын 70%ине, семинар, практикалык, лабораториялык сабактардын 80%ине катышуусу керек.

Экзамендер жана баалоо.

Кредит системасында студенттин билими жарым жылдык (семестр) боюнча бааланганы үчүн, эң аз бир ара сынак, бир жарым жылдык сынак пландалат. Пландалган эч болбосо бир ара сынак менен бирге, тапшырма, текшерүү иши, же практикалык иштер да аткарылат. Баалоо жарым жыл ичиндеги бүт иштер жана экзамендер 100дүк баалоо системасына жараша жүргүзүлөт. Бир сабактын жарым жылдын ичинде ара сынактын баа ортоломосунун таасири 40% жана жарым жыл аягындагы баанын 60%и эсепке алынат (же 50%-50% болуп да эсептесе болот.).

Жыйынтык:

- Жогорку окуу жайларында билим берүүдө кредиттик системага өтүү үчүн баарынан мурда мугалимдерге семинарлар уюштурулуп, бул система тууралуу кеңири түшүнүктөр берилиши зарыл.
- Экинчиден бул системада кредит сааттарынын эсептелүүсү тууралуу ар бир окуу жайынан мугалимдерге үйрөтүлүүсү керек. Алар кафедраларда, бөлүмдөрдө, факультеттерде ар бир сабактын кредитинин эсептелүүсү боюнча башкаларга жардам беришет.
- Кредиттик системага өтүү үчүн бардык сабактардын кредиттери бүт өлкөдө такталуусу үчүн бирдиктүү улуттук программалар иштелип чыгуусу зарыл. Айрыкча бул системада студенттердин арасында башка окуу жайына өтүүсү сыяктуу академиялык кыймылдуулук мүмкүнчүлүгү дагы жогору болгондуктан, алардын өз окуу жайларында окуган сабактары кийинки которулган университеттеринде да эсепке алынышы керек.
- Булардан тышкары бир эле кесипке даярдаган ар кайсы окуу жайларындагы факультеттер, бөлүмдөрдөгү окуу программаларында сабактардын бирдей мазмунда, бирдей кредитте болушу үчүн да бирдиктүү программалар иштелип чыгуусу абзел. Бул бир жагынан которулган студенттин айырмалуу сабактарды тапшыруу ишин жеңилдетип жатса, экинчиден аны кийин кесиптик жашоосунда зарыл болбогон сабактардан куткарат же интеграциялык сабактар окутулуу менен анын жүгү азаят. Бул анын убакытты өз алдынча билимин өркүндөтүүгө колдонуусуна шарт түзөт. Билимдин сапаты жогорулашына өбөлгө болот. Бул система окуучулардын кызыгуусуна, керектөөсүнө, каалоосуна жараша болуп, окуучуну көбүрөөк мотивациялайт. Кредит системасы билим берүүдө сапаттын жогорулашында да маанилүү. Билими жетишсиз болгон персонал бул системада өз билимин өркүндөтүүгө тырышат болбосо ишсиз калат. Биздеги система боюнча иштөөдө бара бара көнүп, бир калыпка ылайыкташуу менен өзгөрүү жана өнүгүү жай болот. «Ушундай болгон жана ушул бойдон калат» деген көз караш дайыма болот. Сабак тандоо жана кредиттик системада жаңылануу бар, билим берүү системасы учурга ылайык өзгөрүүгө көнөт.
- Кредиттик системаны ар тараптуу изилдеп туруп өтүү Гана проблемаларды жеңүүгө жардам берет. Ансыз сабактардын ар кандай убакка коюлуусу, студенттин бош убактысын бош өткөрүшү, ар кандай чатактарга жол ачышы, түшүнүксүз болушу сыяктуу кыйынчылыктар чыгышы мүмкүн. Ал үчүн бары эң башынан анализделип анан пландалышы маанилүү.

Мугалимдерди да кредиттөө тууралуу сөз

Жогорку окуу жайларында иштеген мугалимдерди жана алардын иш сапатын акредитациялоо үчүн алардын иш аракеттерин баалоо зарылдыгы келип чыгат. Ушул себептен, мугалимдердин кесиптик сапатын белгилөө, ага жараша айлык акысын көбөйтүү, кызматта жогорулатуу сыяктуу иштерде алардын иштеринин белгилүү бир стандарттарга ылайык баалануусу зарыл. Мына ушул себептен кээ бир сунуштарды киргизгибиз келет.

Мисалы, профессорлук, доценттик, ага окутуучулук, окутуучулук наамдарды кандай критерийлерге карап берээри, кантип кызматта жогорулата турганы тууралуу бир стандартты түзүү маанилүү. Мындай стандарттар университетте же университеттер арасында кабыл алынышы мүмкүн. Стандарттардын ичинде албетте иш тажрыйбасы, жазган эмгектери, бакалавр жана магистр же аспирантура даражасында берген сабактары, түзгөн проекттери, жарыкка чыккан макалалары, китептери, аткарган кызматтары үчүн белгилүү балл берилиши ыктымал. Булардан башка чет тилин билүүсү, редакторлук кылган эл аралык, улуттук журналдар же китептер болсо, жетектеген дипломдук иштери же диссерта-

циялар, чыгарган магистрлар жана кандидаттар (докторлор) ж.б. иштеринин санына карап кредиттер белгилениши мүмкүн.

Мындай стандарттарды белгилөө - мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү аракеттерине салым кошуу менен бирге, эл аралык стандарттарга ылайык билим берүүгө, макала жазууга түрткү берет. Айрыкча айлык акысында да бир айырма болуусу, макалалардын эл аралык стандарттагы таанымал журналдарга басылуусу мугалимдердин иш мотивациясын арттырышы мүмкүн. Бул Болонья процессине өтүүдө да айрыкчы мааниге ээболмокчу.

Эми булар тууралуу кыскача мисалдар аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылалы. Булар биринчи иретте ишке кирүүдө же жаңы кызматка көтөрүлүүдө жана академикалык иш аракеттердин баалануусунда маанилүү.

А) Макалалар. Эл аралык сапаттагы таанымал, атайын комиссиясы бар гуманитардын илимдер (SSCI - Sosial Science Citation Index), табигый илимдер же көркөм өнөр (искусство) боюнча (AHCI) журналдарына жарыяланган илимий макалалар.

- Эл аралык комиссиясыз журналдарда жарыяланган макалалар.
- Улуттук комиссиясы бар журналдарга басылган макалалар.
- Улуттук илимий журналдарда же университтердин «Жарчы» жыйнактарында басылган макалалар.

Б) Билдирүүлөр (докладдар). Эл аралык; же улуттук, университеттер аралык конгресстерде, конференцияларда, симпозиумдарда окулган докладдар, жарыяланса же семинар берилсе аларга да өзүнчө упай берилиши керек.

В) Китептер. Котормо китептер, өзү автор же авторлош болгон китептерге да балл берилиши керек.

Г) Редакторлук же редколлегия мүчөлүгү. Эл аралык же улуттук деңгээлде дарыяланган илимий журналда, өз тармагына тиешелүү жыйнактарда редакторлук же мүчөлүк кылса ага да балл берүүнүн критерийи белгилениши зарыл.

Д) Окуткан сабактары Баклавр, магистратура же аспирантура сабактарынын ар бирине балл берүү.

Е) Илимий жетекчилик. Чыгарган аспиранттар үчүн же жетекчилик кылган ар бир диссертация, дипломдук иштер үчүн балл берүү.

Ж) Илимий изилдөө проекттери. Эл аралык же улуттук даражада жкатышкан ар бир проектиси үчүн балл.

И) Башка иштер. Эл аралык же улуттук конференцияларда жетекчилик кылуусу, грант утуп алуусу үчүн балл берүү.

К) Алган сыйлыктары. Ар кандай темада илимий эмгектери үчүн алган сыйлыктарына да балл кошулун берилиши.

Л) Жетекчилик кызматтар. Ар жыл сайын бааланат.

М) Коомго кошкон салымы. Жетекчи болуу, улуттук деңгээлде илимий, экономикалык, социалдык, маданий жактан аткарылган иштерге катышуу сыяктуу иш аракеттер бааланып, ар бирине балл берилсе албетте мугалимдердин ишке болгон кызыгуусу да артат эле, иштин сапаты да бул талаптарга жараша жогорулайт эле.

Н) Адабияттардын арасында көрсөтүү. Башкалар жазган макалаларда, эл аралык же улуттук журналдарда же диссертацияларда ссылка (сноска) берилсе да балл берилүүсү керек. Бул боюнча атайын комиссиялар түзүлүп талкуулануусу мугалимдердин иш сапатын жогорулатууда пайдалуу болоор деген ойдобуз.

## АДАБИЯТТАР:


1. http://www.meb.gov.tr. Avrupa Konseyi Eğitim Bakanları konferansı. 5/21/2004
2. *"Avrupa Birliği Genel Eğitim Programları", son Abegitimects.html. 07.07.2003.
3. *"Ab'de ECTS ile ilgili Bilgiler", son Abegitimects.html. 07.07.2003.
4. *"La Sorbonne /Bologne üniversite sistemleri süreci gözetilmek suretiyle" www.yok.gov.tr/kdp/fransa-kdp.doc
5. Kısakürek, M. Ali., "AB Eğitim Progamları ve ECTS Uygulamaları": http://www.ankara.edu.tr/ son Ects/ abegitimects.html. 07.07.2003.
6. http://www.meb.gov.tr. Avrupa Konseyi Eğitim Bakanları konferansı. 5/21/2004
7. *"Avrupa Birliği Genel Eğitim Programları", son Abegitimects.html. 07.07.2003.
8. http://www.cbu.edu.tr. Akadem'k atamalar syfasi? 2005, Ocak. akreditasyonlar
9. http://www.ankara.edu.tr/ son Ects/ abegitimects.html. ocak 2004. akreditasyonların kriteriler'
10. http://www.keu.edu.tr Ocak.2004.akreditasyon standartları